Мындай борбордун түзүлүшү кыргыз театр искусствосунун тарыхый мурасын сактап калуу, спектаклдерге илимий баа берүү жана театр сынынын деңгээлин жогорулатуу багытында олуттуу кадам болмок. Бул сунушталган модель театр таануучуларга материалдарды системалуу түрдө изилдөөгө, тарыхта калтырууга жана жаңы чыгармачылык багыттарды өнүктүрүүгө шарт түзөт.

Колдонулган адабияттар

1. 2026–2030-жылдарга Кыргыз Республикасында маданият жана искусство чөйрөсүн өнүктүрүү программасы: Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 23-февралындагы № 128 токтомуна 1-тиркеме. – 13 б.
2. Брудный Д. Л. Театральное искусство Киргизии. – М.: Знание, 1959. – 32 с.
3. Львов Н. И. Киргизский театр: очерк истории / под ред. А. Кутубаева. – М.: Искусство, 1953. – 227 с.
4. Кулмамбетов Ж. Кыргыз театры. – Бишкек: Турар, 2017. – 455 б.
5. Кулмамбетов Ж. Кыргыз театры. – Бишкек: ОсОО «Оптима Технолоджис», 2023.
6. Кулмамбетов Ж. Режиссер Бообек Ибраев (Чыгармачылык портрет). – Бишкек: Принт Экспресс, 2015. – 159 б.
7. Кулмамбетов Ж. Советбек Жумадыловдун эки тагдыры. – Бишкек: Maxrint, 2021. – 114 б.
8. Кулмамбетов Ж. Диегесис и мимесис дык модели мирового театра. – Бишкек: Макспринт, 2023.
9. Кулмамбетов Ж. Пушкин актёр или нарратор? – Бишкек: Макспринт, 2021. – 109 б.

Рецензент: кандидат культурологии, доцент Корпобаева М.К.

УДК: 378.165.1. (043)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-312-317

Эгешова А.Ж.
К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети
Эгешова А.Ж.
Бишкекский государственный университет имени К. Карасаева
Egeshova A. Zh.
K. Karasaev Bishkek State University

ORCID: 0009-0009-4150-4065

КЫРГЫЗ ТИЛИ САБАГЫНДА КОММУНИКАТИВДИК КӨНДҮМДӨРДҮ КАЛЫПТАНДЫРУУ МАСЕЛЕЛЕРИ
ПРОБЛЕМЫ ФОРМИРОВАНИЯ КОММУНИКАТИВНЫХ НАВЫКОВ НА УРОКАХ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА
ISSUES OF DEVELOPING COMMUNICATIVE SKILLS IN KYRGYZ LANGUAGE LESSONS

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада кыргыз тилин окутууда окуучулардын оозеки кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруу маселеси каралат. Оозеки жана жазуу кебинин өз ара байланышы, алардын өзгөчөлүктөрү жана окутуу процессиндеги орду талдоого алынат. Педагог-окумуштуулардын пикирлерине таянуу менен, баарлашуунун окуучулардын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүдөгү мааниси ачылып берилет. Сабакта окуучуларды даяр текстти жаттоого эмес, өз оюн эркин, так жана логикалык түрдө өз сөзү менен билдирүүгө үйрөтүүнүн зарылдыгы баса белгиленет. Ошондой эле коммуникативдик көндүмдөрдү калыптандыруунун методикалык негиздери каралат. Оозеки кепти өнүктүрүү окуучулардын жалпы тилдик маданиятын жана өз алдынча ой жүгүртүү жөндөмүн

арттырары белгиленет. Мугалимдин ролуна жана коммуникативдик мамиленин негизинде натыйжалуу окуу процессин уюштурууга өзгөчө көңүл бурулат.

Аннотация: В статье рассматриваются вопросы формирования устной речевой деятельности учащихся при обучении кыргызскому языку в средней школе. Анализируются взаимосвязь устной и письменной речи, их особенности и значение в учебном процессе. На основе взглядов педагогов и учёных раскрывается роль общения в развитии мышления учащихся. Подчёркивается необходимость обучения школьников свободному, точному и логичному выражению мыслей своими словами, а не механическому заучиванию текста. Также рассматриваются методические основы формирования коммуникативных навыков. Отмечается, что развитие устной речи способствует повышению общей языковой культуры и развитию самостоятельного мышления учащихся. Особое внимание уделяется роли учителя и организации эффективного учебного процесса на основе коммуникативного подхода.

Abstract: This article examines the development of students' oral communication skills in teaching the Kyrgyz language at secondary school. It analyzes the relationship between oral and written speech, their distinctive features, and their role in the educational process. Drawing on the views of educators and scholars, the article highlights the importance of communication in developing students' thinking. It emphasizes the need to teach students to express their thoughts freely, clearly, and logically in their own words rather than mechanically memorizing texts. The methodological foundations for developing communicative skills are also discussed. The development of oral speech is shown to enhance students' overall language proficiency and independent thinking. Particular attention is paid to the teacher's role and the organization of an effective learning process based on a communicative approach.

Негизги сөздөр: оозеки кеп; баарлашуу; байланыштуу кеп; коммуникативдик көндүмдөр; окутуу; окуучу; мугалим; методика.

Ключевые слова: устная речь; общение; связная речь; коммуникативные навыки; обучение; ученик; учитель; методика.

Keywords: oral speech; communication; coherent speech; communicative skills; teaching; student; teacher; methodology.

Сүйлөө – бул адамдардын оозеки түрдө пикир алмашуусу. Анын жүрүшүндө тилдик бирдиктер жана ар кандай тил каражаттары колдонулуп, маалымат берүү жана кабыл алуу ишке ашат. Ошол эле учурда сүйлөшүү процессинде катышуучулардын коммуникативдик максатына ылайык өз ара байланыш түзүлүп, бири-бирин түшүнүү жана таасир этүү аракеттери жүрөт. Оозеки сүйлөшүүнүн өзгөчөлүгү – анын көбүнчө алдын ала даярдыксыз ишке ашышында. Ошондуктан сүйлөө учурунда керектүү тил каражаттарын ыкчам эстеп, аларды туура колдонуу аркылуу ойду так жана түшүнүктүү жеткирүү талап кылынат.

Мындан улам окуучулар тилдик бирдиктер тууралуу теориялык билимге ээ болуп гана тим болбостон, аларды практикада колдоно билүү жөндөмүнө жана туруктуу көндүмдөргө ээ болушу зарыл. Сүйлөө жана угуу – ой жүгүртүү менен тыгыз байланышкан ишмердүүлүктөр. Адам адегенде уккан маалыматты кабыл алып, анын маанисин аңдап түшүнөт, андан соң ошол маалыматты өз сөзүндө колдонуу жөндөмүнө ээ болот. Окуучулардын сүйлөө жана жазуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүү маселеси методикалык эмгектерде да каралып келет [3]. Ошондуктан кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрүнүн өз ара байланышын камсыз кылуу өтө маанилүү. Окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүүдө алардын оозеки сүйлөөсүнө өзгөчө көңүл буруу зарыл. Бул багытта ийгиликке жетүү үчүн ар бир окуучунун жекече жана курактык өзгөчөлүктөрүн, ошондой эле өз алдынча инсан экендигин эске алуу маанилүү шарт болуп эсептелет.

Кыргыз тилин инсанга багыттап окутууда дал ушул өзгөчөлүктөр негизги орунду ээлейт. Ошондуктан окутуу процессинде төмөнкү жекече өзгөчөлүктөргө көңүл буруу сунушталат:

– окуучулардын кыргыз тилин үйрөнүүгө болгон кызыгуусу жана умтулуусу;

– алардын жеке кызыкчылыктары;

– оозеки сүйлөө жөндөмүнүн деңгээли;

– өз тажрыйбасын колдонуу мүмкүнчүлүгү;

– мугалим тарабынан окуучунун жекече өзгөчөлүктөрүн таанып-билүү;

– окуучунун өзгөчөлүгүнө жараша мугалим менен өз ара аракеттенүүсү;

– жекече жана топтук өзгөчөлүктөрдүн айкалышы;

– сабакты уюштурууда ушул өзгөчөлүктөрдү эске алуу.

Класстагы бардык окуучулар мугалим үчүн бирдей маани эе. Ошондуктан ар бир окуучунун өзгөчөлүгүн терең изилдеп, аларга тең мамиле кылуу – педагогдун негизги милдеттеринин бири. Эгер мугалим окуучулардын жеке кызыкчылыктарын класстын жалпы кызыкчылыгы менен шайкеш келтире алса, сабактын натыйжалуулугу кыйла жогорулайт.

Ал үчүн окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруу зарыл. Ар бир окуучунун өз алдынчалуулугун, табигый өзгөчөлүгүн жана маалыматты кабыл алуу жөндөмүн эске алуу окутуунун натыйжалуулугун жогорулатат. Профессор Ж. Чыманов менен доцент Ж. Аскар кызы табигыйлык принцибинин талаптарына таянууну азыркы учурдун зарылдыгы катары белгилешкен. «Кыргыз тилин эне тили катары окутууда аныкталган натыйжаларды (компетенттүүлүктөрдү) алууга жетишүү үчүн табигыйлык принцибинин талаптарын толук аткаруу, окутуу процессинде бекем сакталышы гана дидактикалык шарт жана аталган принципке артыкчылыктуу маани берүү зарылдык деп билебиз» [7, 292-б.] деген пикир кыргыз тилин инсанга багыттап окутуунун өзөгүн ачып берет. Демек, бул принципке таянуу жалпы эле окутууда, анын ичинде кыргыз тилин инсанга багыттап, компетенттүүлүккө негиздеп жана деңгээлдер боюнча окутуу сыяктуу азыркы парадигмаларды ишке ашыруунун зарыл дидактикалык шарттарынын бири болуп эсептелет.

Кеп ишмердүүлүгүнүн сүйлөшүү түрү жөнөкөй көрүнгөнү менен, аны өздөштүрүү татаал процесс. Бүгүнкү күндө көптөгөн окуучулар эне тилинде так жана эркин сүйлөй албай жатышат. Мунун себептеринин бири – кыргыз тилин окутууда оозеки кепке жетиштүү көңүл бурулбай жаткандыгы. Көпчүлүк учурларда мугалимдер грамматикалык эрежелерди өздөштүрүүгө басым жасап, аларды жаттатуу менен чектелишет.

Бул көйгөйдү чечүү үчүн сабак учурунда окуучулардын оозеки кебин өнүктүрүүгө багытталган иш-аракеттерди активдүү колдонуу зарыл. Ошондой эле окуучуларды сөздөрдү туура айтууга жана жазууга үйрөтүү маанилүү. Кыргыз тили сабагынын негизги максаттарынын бири – окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруу. Ошондуктан аларды эне тилинде эркин, так жана көркөм сүйлөөгө үйрөтүү талап кылынат.

Демек, мугалим окуучулардын коммуникативдик көндүмдөрүн өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурушу керек. Методикалык эмгектерде бул көндүмдөрдүн негизгилери катары төмөнкүлөр белгиленет:

– тыбыштарды так айтуу;

– интонацияны, ыргакты туура колдонуу жана сөз басымын так коюу;

– сүйлөшүүнүн темасына, кырдаалына жана социалдык шартка жараша ылайыктуу сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү тандоо;

– ойду логикалык ырааттуулукта түзө билүү;

– тилди ойду билдирүүнүн негизги каражаты катары натыйжалуу колдонуу.

Белгилүү педагог, Кыргыз эл мугалими Бектур Исаков кыргыз тилин окутуунун негизги максатын окуучунун өз оюн эне тилинде эркин, так, жатык, таамай жана таасирдүү жеткире алуусу менен байланыштырат. Анын пикири боюнча, тилди окутуунун өзөгүн окуучулардын сүйлөө жөндөмүн калыптандыруу түзөт [1].

Тилчи окумуштуу Т. Токоев да өз эмгектеринде ой жүгүртүү менен тилдин өз ара байланышын белгилеп, адамдын ой жүгүртүүсү тилдин негизинде калыптанып, сүйлөшүү процессинде өнүгөрүн айтат. Ушул көз караштан алганда, окуучулардын оозеки сүйлөөсүн өркүндөтүү алардын ой жүгүртүү жөндөмүн өнүктүрүү менен түздөн-түз байланыштуу [5].

Илимпоздор тил менен сүйлөшүүнү бири-биринен ажыратпай, өз ара байланышта кароо зарылдыгын белгилешет. Ошол эле учурда алардын ар бирине мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү ар тараптан изилдеп, окутуу жана тарбиялоо процессинде өз ара байланышта колдонуу керектигин баса белгилешет. Бул жагдай кыргыз тилин окутууда окуучулардын оозеки сүйлөөсүн өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурууну талап кылат.

Азыркы учурда орто мектептерде, орто кесиптик жана жогорку окуу жайларында оозеки кепти өнүктүрүүгө багытталган иштер жүргүзүлүп жаткандыгына карабастан, окуу программаларында жана окуу китептеринде грамматиканы окутууга көбүрөөк орун берилери белгиленет. Натыйжада, эне тилди окутууда сүйлөө көндүмдөрүн калыптандырууга жетиштүү убакыт бөлүнбөй калышы мүмкүн. Мындан тышкары, оозеки кепти өнүктүрүүнүн орду, окутуу ыкмалары жана каражаттары сыяктуу педагогикалык маселелерди илимий-методикалык жактан терең изилдөө зарылдыгы сакталууда.

Кыргыз тилин окутууда окуучулардын оозеки кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүү негизги багыттардын бири болуп эсептелет. Тил менен ой жүгүртүүнүн тыгыз байланышын эске алуу менен, сабак процессинде грамматикалык билимдер менен катар сүйлөө көндүмдөрүнө да өзгөчө көңүл буруу зарыл. Окуучунун өз оюн эркин, так жана таасирдүү билдире алуусу анын тилдик компетенттүүлүгүн гана эмес, жалпы ой жүгүртүү деңгээлин да жогорулатат. Ошондуктан кыргыз тили сабагында коммуникативдик ыкмаларды кеңири колдонуп, окуучулардын сүйлөө маданиятын калыптандыруу учурдун маанилүү талабы болуп саналат.

Мугалим окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүүдө бир нече маанилүү багыттарга өзгөчө көңүл бурушу зарыл. Биринчиден, окуучулардын сөз байлыгын кеңейтүү, ар бир сөздүн маанисин так түшүнүүгө жетишүү, ошондой эле синоним сөздөрдү айырмалай билүү жөндөмүн калыптандыруу маанилүү. Экинчиден, окуучулар өздөштүрүлгөн сөздөрдү күнүмдүк сүйлөө кебинде жана баарлашууда активдүү колдонууга үйрөнүшү керек. Мындан тышкары, алардын оюн так жана түшүнүктүү билдирүүсүнө, интонацияны туура колдонушуна да үзгүлтүксүз көңүл буруу талап кылынат.

Окуучуларды башталгыч класстан тартып суроолорго жаңсоо же баш ийкөө менен гана жооп берүүгө көндүрүү туура эмес. Ар бир берилген суроого ойлонуп, мазмундуу жана так жооп берүүгө үйрөтүү зарыл.

Кыргыз тили сабагында өздөштүрүлгөн ар бир сөздүн, сөз айкашынын, сүйлөмдүн жана грамматикалык каражаттын окуучулардын активдүү кебинде колдонулушун мугалим тыкыр көзөмөлгө алса, бул жакшы натыйжа берет. Ошондуктан бул маселеге туруктуу көңүл буруу аркылуу гана окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн калыптандырууга жетишүүгө болот. Анткени окуучу өз оюн негизинен оозеки формада билдирет, ал эми сабактагы диалог, суроо-жооп жана ой бөлүшүү процесси аркылуу анын сүйлөө маданияты өнүгөт. Ушундан улам окуучулардын кеп жөндөмүн өркүндөтүү оозеки сүйлөшүүдөн башталарын баса белгилөөгө болот.

Окуучулардын оозеки кебин калыптандыруу маселеси педагогика жана методика илиминде кеңири изилденип келе жаткан багыттардын бири болуп саналат. Бул жаатта филология илимдеринин доктору, Кыргыз Республикасынын академиясынын мүчө-корреспонденти, профессор К. К. Сартбаев да олуттуу эмгек сиңирген. Ал өзүнүн «Кыргыз тилин окутуунун методикасы» аттуу эмгегинде, тактап айтканда, «Сөз өстүрүү» бөлүмүндө окуучулардын оозеки кеби менен жазуу кебинин ортосундагы өзгөчөлүктөрдү жана айырмачылыктарды илимий жактан негиздеп түшүндүрүп берген.

1. Оозеки речте үндүн кубулуп чыгышы речке кооздук берет, ал эми жазма речте үндүн керектиги болбойт.
2. Оозеки речте сүйлөө темпи, тону эске алынса, жазуу речинде глава, абзац ж.б. колдонулат.
3. Оозеки речте адам сөзүн кыймылдар, пауза менен берсе, жазмада белгилүү тынчтык керек.
4. Оюн билдирүүдө оозеки речте белгилүү бир ылдамдык керек болсо, тескерисинче, жазма речте кененирээк ойлонуу зарыл.
5. Оозеки речтеги кемчиликти сүйлөп жатып түзөтүп кетүү мүмкүнчүлүгү бар. Бирок анда черновик жок. Ал эми жазма речтеги пикирди жазууда аны оңдоп-түзөтүү мүмкүнчүлүгү көбүрөөк.

6. Оозеки речь көбүнчө сүйлөөчү менен угуучунун арасындагы аңгеме сыяктанса, жазуу речинде автор тарабынан мындай формада эмес, өзүнөн алыс турган нерсеге арналгандай болот жана ал узак убакытка сакталат.

7. Оозеки речь үн (тыбыш) аркылуу берилет. Ал эми жазуу речи тамга аркылуу берилет.

8. Оозеки речь кулак аркылуу кабыл алынса, жазуу речи сөз аркылуу алынат [4, 223-б.].

Профессор К. К. Сартбаевдин окуучулардын оозеки жана жазуу кебинин өзгөчөлүктөрү тууралуу айткан пикирлери бүгүнкү күндө да өз актуалдуулугун жоготпой келет. Себеби азыркы билим берүү системасында да тилди окутуунун негизги маселелеринин бири – окуучулардын оозеки сүйлөө маданиятын өнүктүрүү болуп саналат. Санариптешүү күчөгөнүнө карабастан, окуучунун өз оюн так, логикалык ырааттуулукта жана таасирдүү түрдө оозеки билдире билүүсү маанилүү көндүм бойдон калууда.

К. К. Сартбаев белгилеген оозеки жана жазуу кебинин айырмачылыктары мугалимдер үчүн бүгүн да методикалык негиз болуп кызмат кылат, анткени алар сабакта сүйлөө ишмердүүлүгүн жазуу тапшырмалары менен тең салмакта алып баруу зарылдыгын көрсөтөт. Айрыкча коммуникативдик окутуу ыкмалары күч алган учурда бул пикирлер окуучулардын сүйлөө компетенциясын калыптандырууда практикалык маани ээ. Ошондуктан окумуштуунун көз караштары кыргыз тилин окутуунун заманбап талаптары менен да шайкеш келип, өз маанисин сактап турат.

Баарлашуу маселеси боюнча педагогика илимдеринин доктору, профессор Ж. Чыманов да баалуу ойлорду айткан. Ал өзүнүн көз карашында «бардыгы баарлашуудан башталат», «бардыгы баарлашуунун натыйжасы менен бааланат», «бардыгы баарлашууга көз каранды» деген тезистерди негиз катары алып, педагогикалык ишмердүүлүктө баарлашуунун орду өзгөчө экенин белгилейт. Ошондой эле «баарлашуу» түшүнүгүнө кеңири мааниде карап, аны окутуу жана тарбиялоо процессинин негизги каражаты катары кароону сунуштайт:

– Баарлашуу – бул сүйлөшүүдөгү, пикир алышуудагы интерактивдүүлүк;

– Баарлашуу – бул ой бөлүшүү, бир нерсеге ээ болуу, үзүр көрүү;

– Баарлашуу – бул жандуу, эмоционалдуу жана максаттуу сүйлөшүү;

– Баарлашуу – бул белгилүү бир натыйжа алууга кызмат кылган процесс;

– Баарлашуу – бул билим берип, билим алуунун өзгөчө жана зарыл шарты;

– Баарлашуу – бул пайда, киреше, табылга, булак ж.б. [6].

Профессор Ж. Чымановдун баарлашуу тууралуу берген аныктамалары анын бул түшүнүккө кеңири, көп кырдуу жана педагогикалык жактан терең мамиле кылганын көрсөтөт. Ал баарлашууну жөн гана сүйлөшүү процесси катары эмес, адамдын ой жүгүртүүсүн, билим алышын жана коомдук байланыштарын камтыган татаал система катары түшүндүрөт.

«Баланын сүйлөгүчтүгү анын сөөгүнө бүткөн мүнөзүнө да байланыштуу болот. Сөөгүнө бүткөн мүнөзү дегенибизде, баланын уяңдык-ачыктыгы, акма кулак, куйма кулактыгы, бошоң, чыйрактыгы сыяктуулар кирет. Жогорку айтылгандарга караганда, балдардын тилдери ар түрдүү болуп чыгат» [2, 7-б.] – деген С. Наматовдун пикири окуучунун сүйлөө жөндөмү анын жекече психологиялык жана табигый өзгөчөлүктөрү менен тыгыз байланышта экенин көрсөтөт. Ал баланын уяң же ачык мүнөзү, кабыл алуу ылдамдыгы, угуп эсте сактоо жөндөмү, ошондой эле мүнөзүнүн чыйрак же бошоң болушу анын тилдик активдүүлүгүнө түз таасир этерин баса белгилейт. Бул көз караш ар бир окуучунун сүйлөө деңгээли бирдей болбой турганын, демек, окутуу процессинде жекече мамиле зарыл экенин тастыктайт.

Мындан бир кылымга жакын мурда айтылган бул пикир окуучулардын коммуникативдик көндүмдөрүн калыптандырууда жекече өзгөчөлүктөрдү эске алуунун маанилүүлүгүн көрсөтөт жана бүгүнкү күндө да өз актуалдуулугун жогото элек. Демек, окуучунун кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүүдө мугалим ар бир баланын мүнөзүнө ылайык ыкмаларды колдонуп, анын табигый мүмкүнчүлүктөрүн эске алууга тийиш.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз тили сабагында окуучулардын коммуникативдик көндүмдөрүн калыптандыруу алардын оозеки кеп ишмердүүлүгүн, өз алдынча ой жүгүртүүсүн жана сүйлөө

маданиятын өнүктүрүү менен тыгыз байланышта. Окуучуну өз оюн эркин, так жана логикалык түрдө билдирүүгө үйрөтүүдө анын жекече жана курактык өзгөчөлүктөрүн эске алуу, сөз байлыгын өстүрүү жана сабакта активдүү баарлашууга шарт түзүү маанилүү. Ошондуктан кыргыз тилин окутууда грамматикалык билимдерди өздөштүрүү менен катар оозеки кепти өнүктүрүүгө жана коммуникативдик ыкмаларды натыйжалуу колдонууга да өзгөчө көңүл буруу зарыл. Мында мугалимдин ар бир окуучунун сүйлөө жөндөмүн системалуу өнүктүрүүгө багытталган иш-аракети негизги мааниге ээ.

Колдонулган адабияттар

1. Исаков, Б. Сабат санжырасы: орто мектептин мугалимдери үчүн. – Б., 1993.
2. Наматов, С. Эне тилинин методикасы. – Ф., 1936.
3. Рысбаев, С. Окуучунун сүйлөө жана жазуу ишмердүүлүгү. – Б., 2014.
4. Сартбаев, К. К. Кыргыз тилин окутуунун методикасы. – Түзөтүлүп, 6-бас. – Ф.: Мектеп, 1978.
5. Токоев, Т. Кыргыз тилиндеги экспрессивдүү синтаксистик конструкциялар. – Б., 2006.
6. Чыманов, Ж. Баардыгы баарлашуудан башталат // Улуттук университет. – 2018. – № 2. – Май.
7. Чыманов, Ж., Аскар кызы Ж. Эне тилди окутууда табигыйлык принцибине таянуунун зарылдыктары // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2024. – № 9. – Б. 290–294.

Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Аскар кызы Ж.